ИЛ Р2
А 41

Китеп дүйнөсүнө саякат

# Кызгылтым гүл

С. Т. Аксаков



Книга должна быть возвращена
не позже указанного здесь срока

Колич, предыдущ. выдач ______

Мл 4

С. Т. Аксаков

# КЫЗГЫЛТЫМ ГҮЛ



Сүрөтчү Т. Зеленская

Мл 4/3
областная детская
БИБЛИОТЕКА
Инв. № 256654

КУТААЛАМ
БАЛДАР АДАБИЯТ БАСМАСЫ





Илгери-илгери кайсы бир өлкөдө, кайсы бир падышачылыкта атагы алыска кеткен бир бай соодагер жашаптыр.

Анын байлыгы көп болуп, кымбат буюмдары, асыл таштары, казнасында алтын менен күмүштөрү толуп, ал соодагердин үч кызы болуптур, үчөө тең периштедей сулуу экен, алардын эң кичүүсү ай десе айдын аркы, күн десе күндүн көркү жетпес сулуу чыгат. Соодагер ошончо байлыктарынан: берметтерден, асыл таштардан, казына толгон алтын менен күмүштөрүнөн, дегеле бардыгынан кыздарын жакшы көрчү, себеби ал адам аялынан ажырап, жесил калып, кыздарынан бөлөк эч кимди сүйчү эмес; улуу кыздарын да жанындай көрө турган, бирок үчөөнүн ичинен эң кичүү жароокер кызын жакшы көрө турган.

Ал соода иши менен деңиздин ар жагындагы көз көрүп, кулак укпаган жердеги жети падышачылыкты, жети өлкөнү аралап кете турган болгондо бир күнү кыздарына:

– Менин сүйкүмдүү, татынакай, жан бирге кыздарым, жакында соода иштерим менен көз көрүп, кулак укпаган жердеги жети падышалыкты, жети өлкөнү аралап кеткени жатам, канча мезгилде кайрылып келеримди билбейм, мен жокто ынтымактуу, ыймандуу жашагыла, мени жоктотпой ынтымактуу, ыймандуу болсоңор анда силерге ал

жактан өзүңөр каалаган нерсени белекке ала келем, эмне керек болсо үч күндүн ичинде ойлонуп айткыла, – деди.

Кыздар үч күн, үч түн ойлонуп, атасына келишкенде кана, эмнени каалайсыңар деп сурады. Улуу кызы атасынын бутуна жөлөнүп, адегенде ал айтты:

– Азирети сүйүктүү атакем! Мага алтын менен күмүш жиптен токулган парчанын, кара киштин терисинен тигилген тондун, бурмиц берметинин кереги жок, андан көрө түрдүү асыл таштардан кооздолуп жасалган, караңгы түндө толгон ай менен кызыл күндөй нур чачып, күндүзгүдөй жарык берген таажы алып кел, – деди.

Азирети соодагер бир аз ойлоно түшүп, анан айтты:

– Менин татынакай, сүйкүмдүү, жан бирге кызым, сага андай таажы алып келип берем; мага андай таажыны таап бере турган деңиздин ары жагындагы бир адамды билем; ал таажы деңиздин ары жагындагы бир канышада бар, ошол таажы таштан жасалган кампада катылуу, таштан жасалган кампанын тереңдиги үч саржан, үч темир кулпу, үч немис кулпу салынып, таш тоодо жайгашкан. Ырас, ага жетиш кыйын, бирок менин казынама ал маселе жаратпайт.

Андан соң ортончу кызы атасына ызаат менен жүгүнүп:

– Азирети сүйүктүү атакем! Мага алтын менен күмүштөн токулган парча, сибирдеги киштин териси, брумиц бермети, асыл таштардан жасалган таажынын кереги жок, мага көрүнгөн сайын сулуулугума суктандырып, дайыма жаш көрсөтүп, эч качан карытпаган чыгыш элинде жасалган хрустал күзгү алып келип бер, – деди.

Азирети соодагер көп ойлондубу, аз ойлондубу бир кезде кызына айтты:

– Менин татынакай, сүйкүмдүү, жан бирге кызым, мен сага хрустал күзгү алып келип берем; ал күзгү сулуулугун айтууга сөз жетпес, сүрөттөп жазууга күч жетпес перс падышасынын кызы жаш канышада бар; ал күзгү таш кампада катылуу, таш кампа таш тоодо жайгашкан, таш тоонун бийиктиги үч жүз саржан, таш кампага жети темир кулпу, жети немис кулпу салынган, ага жетиш үчүн үч миң тепкичтен өтөт, ар бир тепкичте болоттон жасалган кылыч кар-

мап перс жоокерлери күнү-түнү күзөттө турат, ал эми таш кампанын ачкычы канышы кыздын белинде байлануу. Деңиздин ары жагындагы бир адамды билем, ал ошол күзгүнү мага алып бере алат. Сенин сураганың эжеңкинен оор экен, бирок менин казынама ал маселе жаратпайт.

Акырында эң кичүү кызы келип, атасына ызаат менен жүгүнүп:

– Азирети сүйүктүү атакем! Мага алтын менен күмүш жиптен токулган парча алып келбегин, сибирдик кара киштин терисинин, бурмиц берметинин кереги жок, асыл таштан жасалган таажыны, хрустал күзгүнү албаймын, алардан көрө мага дүйнөдө теңдеши жок кызыл гүл алып кел, – деди.

Азирети соодагер мурдагылардан да катуу ойлонуп калды. Аз ойлонгонун, көп ойлонгонун айта албайм; ойлонуп бүткөндөн кийин баарынан сүйүктүү кичүү кызын кучактап өөп, буларды айтты:

– Сен мени эжелериңен да кыйын түйшүккө салдың; билген нерсени табуу оңой иш, ал эми өзүң билбеген нерсени кайдан издейсиң? Кызыл гүлдү табуу анча деле кыйын эмес, бирок анын дүйнөдө теңдешсиз экенин кайдан билем? Аракеттенип көрөм, кийин мени күнөөлөбөсөң болду.

Анан ал татынакай, сүйүкүмдүү, жан бирге кыздарын үйдүн чатырында жайгашкан кооз бөлмөлөрүнө жиберди. Өзү деңиздин ары жагына бара турган улуу жолго камынды. Жолго көпкө камындыбы, аз камындыбы мен аны билбейм, айта албайм: жомокто тез айтылганы менен турмушта иш деген бат эле бүтө калбайт эмеспи. Соодагер бир күнү сапарга чыкты.

Ошентип азирети соодагер деңиздин ары жагындагы чоочун жерлерди, мурда угуп-көрбөгөн падышачылыктарды аралады; ал буюмдарынын баасын үч эсе кымбатка сатты, бөлөктөрдөн үч эсе арзан сатып алды, алтын менен күмүшкө алмашты; кемелерге алтын жүктөп, үйүнө жөнөтүп турду. Издеп жүрүп улуу кызы айткан таажыны тапты: ал түркүн асыл таштардан куралып, түн караңгыда күндүзгүдөй жарык берип турат. Ортончу кызы сураган күзгүнү да тапты: күзгү хрустал айнектен жасалган, асман-айдын көркөмүн бүт көрсөтөт, кыздын жүзүнүн ажа-

рын ачып, улгайтпай, улам жашартып турат. Эми эң сүйүктүү кичүү кызы сураган дүйнөдө теңдеши жок кызыл гүлдү табуу кыйын болду.

Падышалардын, королдордун жана султандардын чарбактарынан сөз менен айтып, кагазга жазып сүрөттөөгө мүмкүн болбогон далай кызыл гүлдөрдү көрдү, бирок ал дүйнөдө теңдеши жок гүл экенине эч ким кепилдик бере албады, өзүнүн да көзү жеткен жок. Өзүнүн ишенимдүү кызматчылары менен  эшилген кумду кечип, анан калың токойдо кетип баратканда кайдан-жайдан чыга калганын ким билет, кайырдин, түрк, инди каракчылары кол салды, булардын колунан соо калбасын билип, азирети соодагер кербенди таштап, ишенимдүү кызматчылары менен калың токойду аралап качып кетти. «Каракчылардын колуна туткунга түшүп, өлгүчө азаттыкты көрбөй камалып күн көргөндөн көрө жапайы жырткычтарга жем болгонум артык», – деп ойлоду.

Чычкан мурду жойлогус чытырман токойду аралап, алдыга барган сайын жолу кенелип, токойдун жыгачтары ийилип жол ачып, бадалдар бутуна чалынбай, кийиндеп жаткандай туюлду. Артын караса, жыгачтын бутактары кол бойлобостой ширелип турат, оң жагын караса, дүмүрлөр менен дөңгөчтөрдүн арасынан коён өтө алгыс, сол жагы андан да калың токой. Азирети соодагер мындай укмуштарга туш болгонуна таң калып алды жагындагы даңгыр жол менен токтобой кете берди. Таң эртеден кечке чейин кетип баратып, жырткычтардын улуган, жыландын ышкырган, үкүнүн гүүлдөгөн, канаттуулардын сайраган үнүн уккан жок: тегерегиндегилердин бардыгы өлүп калгандай ың-жың. Күн батып, түн киргенде айланасын көзгө сайса көрүнгүс караңгылык басты, ал эми кетип бараткан жолу күндүзгүдөй жарык болуп турду. Тынбай басып, түн ортосу болгондо алды жагынан алоологон кызыл шооланы көрүп: «Тиякта токой күрттөнүп жатса керек, ал жакка барсам отко күйүп жок болом», – деп ойлоду.

Артына бурулса, жол жок, оңго да, солго да барууга болбойт; кайра алдыга бурулса, алдында даңгыр жол жатат. «Ушерге токтоп турайын, балким тиги кызыл шоола бөлөк жакка багыт алаар, менин жолуман кетип, же өчүп калар», – деп ойлоду.



Анан бир топко күтүп туруп калды, бирок ал ойлогондой болбоду,



алиги кызыл шоола түптүз келип, жанына жеткенде ого бетер жарыгын чачкандай сезилди, ошо менен ойлонуп, ойлонуп, анан алдыга жылды. Эмнеси болсо да тобокел, адам эки өлбөйт, бир өлүм ар кимдин башында бар. Соодагер чокунуп, келме келтирип, алдыга кадам таштады. Баскан сайын алды жагы күндүзгүдөй жарык боло берди, өрттүн шуулдагы, күйгөн жыгачтын чартылдаганы деле угулган жок. Анан ал кенен, ачык жерге чыкты, кенен ачык жердин ортосунда үй десе үй эмес, имарат десе, имарат эмес, бүт баары алтын, күмүш, асыл таштар менен коздолгон королдунбу, падышанынбы, заңгыраган ак сарайы туруптур, ак сарай жарык чачып, алоолоп күйүп жаткандай, бирок оту билинбейт; күн сыяктуу кызарып нур чачып, көздү уялтат. Хан сарайдын терезелеринин бардыгы ачылып, ичинен азирети соодагер мурда угуп-көрбөгөн бир сонун музыка жаңырат.

Анан ал кенен дарбазадан кенен короого кирди; жолго аппак мрамор төшөлүп, эки тарабынан узундуу-кыскалуу кооз суу фонтандары атылат. Эки жагында алтындалып кооздолгон кармагычтары бар, кырмызы килем төшөлгөн тепкичтер менен басып, ак сарайга кирди; бет маңдайындагы бөлмөгө кирсе, эч ким жок экен, экинчи, үчүнчү бөлмөгө кирди, жан киши көргөн жок; бардык жерде мурда түшүнө кирбеген кымбат буюмдар: алтын, күмүш, чыгыш өлкөлөрдөн жасалган хрусталдар, пил менен мамонттун сөөктөрү.

Азирети соодагер буларды көрүп таң калды, баарынан да эч бир адамдын жоктугу ого бетер сырдуу сезилди; ак сарайдын ээлери түгүл кызматчылары көрүнбөдү, кыбыр эткен жан жок; музыка тынбай ойноло берди; анан ал: «Баардыгы жакшы, бирок жей турган эчтеме жок экен», – деп ойлоду. Ошол замат дүйүм тамактарга бели ийилген үстөл пайда болду, дасторкондо эмне гана жок дейсиң, алтын менен күмүш ийдиштерде чүйгүн тамактар, деңиздин ары жагындагы элде жасалган шарап, бал кошулуп жасалган суусундук. Анан ал тартынбастан үстөлгө олтурду да тамактардан жеп, суусундуктардан ичип кардын тойгузду; кум кечип, токой аралап жүрүп курсагы аябай ачкан болучу; эми жагымдуу, таттуу ичкен тамагы үчүн кимге ыраазылык билдирерин билбей, ордунан туруп кетти. Туруп баратып кылчайып караса, дү-

йүм тамактар толгон жанагы үстөл жер жутуп салгандай жок, музыка тынбастан кубулжуй берди.

Азирети соодагер ажайыптын ажайыбына, укмуштун укмушуна аябай таң калып, кооз бөлмөлөрдү аралап кетип баратып, өзүнчө ойлоп коёт: «Чырм этип бир аз уктап алсам жакшы болот эле» – караса, бет алдында күмүштөн көшөгө тартылып, өзү таза алтындан, буттары хрусталдан жасалган, жабуусунун четтерин бермет менен кооздогон керебет турат; үстүндө ак куунун жумушак саңсаң жүнү салынган бир нече мамык жаздыктар үйүлүп жатыптыр.

Мындай укмушту көрбөгөн соодагер аябай таң калды да керебетке жатып, күмүштөн жасалган көшөгөнү тартып койду, ал шайыдай жука, жумушак экен. Бөлмөнүн ичи күүгүм болуп, алыстан кубулжуган музыка угулат. «Кыздарым түшүмө кирсе экен!» деп ойлор замат уктап калды.

Соодагер ойгонсо, күн бактын башынан өйдө көтөрүлүп калыптыр. Көзүн ачып, түндө сүйкүмдүү, татынакай, сымбаттуу кыздарын түшүндө көргөнүн ойлоп башы катты; улуу кызы менен ортончу кызы көңүлдүү, кубанычтуу экен, эң сүйүктүү кичүү кызынын көңүлү чөгүңкү; улуу кызы менен ортончу кызынын сүйлөшкөн бай жигиттери бар экен, экөө атасын күтпөй, батасын албай эле күйөөгө кетүүгө камынып жатышыптыр, ал эми сулуулугуна сөз жетпес, сүйүктүү кичүү кызы атасы келмейин күйөө жөнүндө ойлоп да койбоптур. Анан соодагер ичинен бир кубанып, бир капаланып турду.

Анан ал ордунан турса, кооз халат даяр экен, хрустал табакта жуунганына суу куюлуп турат; кийинип, жуунуп бүтсө дагы бир укмушка туш келди: үстөлдө чай менен кофе демделип даяр, жанында кант салынып, алтын менен кооздолгон хрусталь ийдиш. Кудайга ыраазылыгын билдирип, тамактанып болгон соң күндүн нуруна чагылышкан кооз бөлмөлөрдү кызыга кыдырып жүрдү. Көргөндөрү кечегиден да кооз сезилди. Ачык турган терезеден сыртты караса, түркүн жемиштерге бай калың бак бар экен, ал эми гүлдөрдүн кооздугун сүрөттөп айтууга сөз жетпес. Бир кезде бакты аралап, сейилдегиси келди.

Эки жагында алтын каптаган кармагычтары бар, жашыл мрамор-



дон, сары малахиттен жасалган кооз тепкичтери менен басып, бакты кыдырып жүрдү. Кыдырып, кооздукка көзү тойбойт; бактарда кызарып бышкан түркүн жемиштер мени жеп койчу деп жалдырагансып, көргөндүн шилекейин чуурутат; кат-кат тармал, жыпар жыттуу, түстөрү түркүн не бир кооз гүлдөр бажыраят; түрдүү куштар бейиштин күүсүн чалып, алтын менен күмүш кошулган көк, жашыл, кызыл баркыттын үстүндө учуп жүргөндөй; көк кашка фонтан суулары көккө атылып, караганда бийиктигинен баш кийимиң жерге түшөт, хрустал нук менен булактар шылдырап агат.

Азирети соодагер бул укмуштуу кооздукту таң калып аралап баратып, биринен бири ашкан мындай кооздуктун кайсынысына көңүл бөлөрүн, кайсы күүнү тыңшарын билбейт, биринен бири кооз, биринен бири сулуу, уккулуктуу. Ал бакты аралап көп жүрдүбү, аз жүрдүбү, анысы мага дайын эмес, анткени жомок айтыла берет, иш болсо турмушта оңой бүтө койбойт. Аңгыча соодагер жашыл дөңсөөдөн мурда көрмөк тургай эч качан укпаган, үч уктаса түшүнө кирбеген, кооздугун жомокто айтып бере алгыс, калем менен жазып сүрөттөгүс таажылары бажырайган кызыл түстүү гүлдү көрүп калды. Азирети соодагер демин ичине тартып, алиги кооз гүлдүн жанына барса гүл жыпар жытын чачып турган экен, толкундагандан буту-колу калтырап, кубанычтуу үн менен:

– Менин сүйүктүү кичүү кызым сураган дүйнөдө теңдеши жок кызыл гүл ушул, – деди.

Аны айтып, колун сунуп, кызыл гүлдү үзүп алды. Ошол замат асман алай-дүлөй түшүп, күн күркүрөп, чагылган чагылып, жер көчкөндөй болду. Анан жер жарылып, соодагердин бет алдынан жырткыч десе, жырткыч эмес, адам десе, адам эмес, сапсайган бир коркунучтуу жандык чыга калып, корулдаган коркунучтуу үнү менен буларды айтты:

– Бул эмне кылгының? Сен менин бакчамдагы коруктан эң жакшы көргөн гүлүмдү үзгөнгө кантип колуң барды? Бул гүлдү көзүмдүн карегиндей сактап, күндө көргөн сайын көңүлүм көтөрүлүп, кубанып калчумун, эми сен мени ошол кубанычтан ажыратып салбадыңбы! Бул ак сарай менен бактын ээси менмин, сени мейман катары барктап то-

суп алып, кардыңды тойгуздум, суусунуңду кандырдым, төшөк салып, эс алдырдым, менин жасаган жакшылыгыма кылган кызматың ушубу? Тагдырыңа өзүң балта чаптың, эми ажалыңдан мурда өлөсүң...

Ар тараптан күрүлдөгөн сансыз үндөр жаңырды:

– Ажалыңдан мурда өлөсүң!

Азирети соодагер коркконунан тиши тишине тийбей шакылдады; жан-жагын караса, ар бир дарактын, бадалдын түбүнөн, суудан, жерден коркунучтуу мокочолор чыгып, өзүнө кол салчудай болуп качырып келатыптыр.

Соодагер булардын баарынан чоң, күрсүйгөн сапсайгай желмогуздун алдына чөгөлөп, жалбарган үн менен мынтип айтты:

– Мен сенин аты-жөнүңдү билбеймин,токойдун жырткычы, деңиздин мокочосу, адилет мырза! Осолдугум үчүн алдыңда турган мен байкушту кечирип, башымды алдырып өлтүрө көрбө, бир ооз сөзүмдү угуп кой. Менин үч кызым бар, татынакай, сүйкүмдүү, жан бирге үч кызыма белек ала келем деп сөз бергем; улуу кызыма асыл таштардан кооздолгон таажы, ортончу кызыма хрустал күзгү, кичүү кызыма дүйнөдө теңдеши жок кызыл гүл алып бармакмын. Улуу кыздарымдын белектерин дайындап койгом, ал эми кичүү кызымдын белегин таба албай жүрөм; анан сенин чарбагыңан дүйнө жүзүндө башка бир да гүл тең келбес кызыл гүлдү көрүп, сендей байлыгы ашып-ташкан, даңкы алыска кеткен баатыр менин сүйүктүү кичүү кызым сураган кызыл гүлдү аябайт го деп ойлогом. Сенин улуу даңкыңдын алдында күнөөмдү мойнума алам. Мендей акылы тайкы, келесоону кечирип кой, мени аман-эсен кыздарыма коё берип, сүйүктүү кичүү кызымдан кызыл гүлүңдү аяй көрбө. Сен каалагандай көлөмдө гүлдүн акысын накта алтын менен төлөп берем.

Күн күркүрөгөндөй токойду жаңырта күлкү чыгып, токойдун жырткычы, деңиздин мокочосу азирети соодагерге кайрылды:

– Мага сенин алтыныңдын кереги жок, өзүмдүн алтыным батпай жатат. Мен сени аябайм, менин кулдарым сени майдалап, тытып кетет. Сени бир гана нерсе кутултат. Сени үйүңө аман-эсен коё берип, эсепсиз алтын, үстөгүнө кызыл гүлдү берейин, сен мага өзүңдүн ордуна татынакай, сүйүктүү, жан бирге кыздарыңдан бирөөнү жиберем деп

соодагердик чын убаданды берип, кагаз жазып калтыр, ал кызың эч нерседен кем болбой, өзүң көргөндөй ак сарайда жыргып-куунап жашайт. Жалгыз жүргөн турмуштан жадап кеттим, жанымда шерик болуп, аны менен чогуу жашагым келет.

Ошентип, соодагер муздак жерди кучактап, көзүнүн жашын көлдөтүп төктү; анан улам токойдун жырткычы, деңиздин мокочосун карап коюп, өзүнүн сүйкүмдүү, татынакай, жан бирге кыздарын эстеди, коркунучтуу үн чыгарган токойдун жырткычы, деңиздин мокочосунун чынында эле түрү суук болучу.

Азирети соодагер көз жашын көлдөтүп, жалынычтуу үн менен алдында турган мокочого кайрылды:

– Токойдун жырткычы, деңиздин мокочосу болгон адилеттүү мырзам! Менин сүйүктүү, татынакай кыздарым сага өз эрки менен келбей коюшса анда кантем? Алардын колу-бутун байлап бере албайм да, чынбы? Андан калса бул жакка кантип жетет? Мен жер кезип, ойду-түздү аралап, чарчап-чаалыгып, эки жыл дегенде араң жеткем.

Анда токойдун жырткычы мындай деди :

– Мен аларды зордоп келтирбейм, эгерде сени чын эле жакшы көрүшсө өз эрки, каалоосу менен келишсин, жок, өз эрки, каалоосу менен келишпейт экен, анда өзүң келгин, мен сени аяп койбой, жырткычтарча өлтүрөм. Бул жакка кантип жетиш керектигине башың оорубасын, сага колумдагы шакекти чечип берем, аны ким оң колунун чыпалагана тагынса, каалаган жагына көз ачып-жумгуча жетип алат. Сага үч күн, үч түн мөөнөт берем.

Соодагер ойлонуп, ойлонуп отуруп, акыры мындай жыйынтыкка келди: «Кыздарым менен көрүшүп, аларга аталык насаатымды айтайын, эгерде алар мени өлүмдөн кутулткусу келбесе, анда айла жок, өзүмдүн ажалым үчүн токойдун жырткычы, деңиздин мокочосуна кайра кайтып келем да». Анын оюнда эч кандай жаман жок болучу, оюндагысын жашырбай айтып берди. Аны токойдун жырткычы, деңиздин мокочосу ансыз деле кереметинде билип турган, соодагердин калп айтпасына көзү жетип, ишеним кат жаздырган жок, манжасындагы шакекти чечип, азирети соодагерге берди.

Азирети соодагер шакекти оң колунун чыпалагына кийер менен өзүнүн кенен үйүнүн дарбазасына келип калды; ошол эле мезгилде аны менен катар дарбазага ишенимдүү кулдары коштогон кербени мурдагыдан үч эсе көп байлыктар менен кирип келди. Үй ызы-чуу түшүп, алтын менен күмүш жиптен шайы сүлгүгө сайма сайып отурган кыздары жүгүрүп келди; алар атасын кучактап, жалынып-жалбарып өөп, сүйүнүштү, эки улуу кыздары кичүүсүнөн айырмаланып, кошоматтанып кетишти. Кызар атасынын түрүн көрүп, маанайы пас болуп, көкүрөгүндө катылган кайгылуу бир сыр бар экенин баамдашты. Улуу кыздары атасынан көп байлыгыңды жоготуп алдыңбы деп сурашты, кичүү кызы болсо байлык жөнүндө эмес, башканы сурады:

– Атаке, мага байлыктан кереги жок, байлыкты тапса болот, эмнеге маанайың пас, эмне болгонун айтчы, – деди.

Азирети соодагер сүйүктүү, татынакай, жанбирге кыздарына мындай деди:


– Мен байлыгымды жоготкон жокмун, мурдагыдан үч-төрт эсе көп дүйнө жыйып келдим; менин көөнүмдө бөлөк кайгылуу нерсе турат, аны эртең айтып берейин, бүгүн көңүл ачалы.

Анан ал темир менен капталган сандыкты алып келгиле деди; сандыктан улуу кызына суу тийсе дат баспаган, отко салса күйбөгөн, арабдардын алтыны менен кымбат асыл таштардан жасалган таажыны алып чыкты; ортончу кызына чыгыш өлкөлөрдөн келген хрустал күзгүнү берди; анан кичүү кызына алтындан жасалган кумурадагы кызыл гүлдү берди. Эки улуу кызы кубангандан жинди болуп кала жаздады, белектерин чатырдагы бөлмөлөрүнө алып барышып, моокумдары канбай ары-бери оодарып көрө беришти. Сүйүктүү кичүү кызы кызыл гүлдү көрөр менен жүрөгү бирдемени сезгендей, капаланып ыйлап жиберди:

Атасы кызын аяп:

– Сүйүктүү кызым, гүл сага жакпай калдыбы? Бул дүйнөдө мындан кооз гүл жок, кызым, – деди.

Кыз кызыл гүлдү жактырбагандай жайбаракат алды да, атасынын колун өөп, өзү болсо көз жашын көлдөтүп ыйлай берди. Берки эки кызы



кайра жүгүрүп келип, кубангандан секирип бийлеп жүрүшөт. Анан алар эмен жыгачынан жасалган үстөлгө олтурушуп, дүйүм тамакка толгон дасторкондон таттууларды жеп, бал кошулган суусундуктан ичип, кубанычтарын бөлүшүп, жадырап-жайнап сүйлөшүп олтурушту.

Кечке жуук соодагердин үйүнө коноктор чогулушту: туугандары, дос-тамырлары, жек-жааттары, тамаксоолор толуп чыкты. Той түн оогончо созулду, мындай салтанатты азирети соодагер үйүнөн эч качан көргөн эмес. Анан тамактардын түрлөрү кайдан-жайдан пайда болгонуна соодагер таң калды, ийдиштери жалаң алтын менен күмүштөн жасалыптыр.

Эртеси соодагер улуу кызын чакырып, баштан өткөн окуяны төкпөй-чачпай айтып берди да атасын өлүмдөн алып калыш үчүн токойдун жырткычы, деңиздин мокочосу менен бирге жашоого макулдугун сурады.

Улуу кызы бул сунушка макул эместигин так кесе айтты:

– Атасын өлүмдөн кызыл гүл алып келген кызы куткарсын!

Азирети соодагер берки, ортончу кызын чакырып, башынан өткөн окуяларды төкпөй-чачпай айтып берди да атасын өлүмдөн алып калыш үчүн токойдун жырткычы, деңиздин мокочосу менен бирге жашоого макулдугун сурады.

Ортончу кызы бул сунушка макул эместигин так кесе айтты:

– Атасын өлүмдөн кызыл гүл алып келген кызы куткарсын!

Адилеттүү соодагер кичүү кызын чакырып, баштан өткөн окуяларды төкпөй-чачпай айтып бүтө электе сүйкүмдүү кичүү кызы атасынын алдына чөгөлөп айтты:

– Атакебай, мага батаңды бергин, мен токойдун жырткычына, деңиздин мокочосуна барып, ошерде жашайм. Сен мага кызыл гүл таап келдиң, мен да сага колуман келген жакшылык жасашым керек!

Азирети соодагердин көзүнөн жаш куюлуп, кичүү кызын кучактап, буларды айтты:

– Менин татынакай, сүйкүмдүү, жан бирге кичүү кызым! Сен атаңды өлүмдөн алып калыш үчүн өз каалооң менен түрү суук токойдун жырткычына, деңиздин мокочосуна бараткаңыңа аталык ак батамды

берем! Сен анын ак сарайында жашайсың, байлыгың ашып-ташкан болот; ал ак сарайдын каякта экенин эч ким билбейт, ал жакка аттын да, жөөнүн да, секирген жырткычтын да, учкан куштун да жолу жок. Сенден бизге кабар болбойт, сага бизден да кабар барбайт, кызым. Сенин аппак жүзүңдү көрбөй, эркелеген сөзүңдү укпай өлүп калам го. Сени менен түбөлүккө коштошуп, тирүүлөй ажыраган турам.

Анда сүйүктүү кичүү кызы мынтет:

– Ыйлаба, капаланба атаке: мен бай жашайм, эркин болом; токойдун жырткычынан, деңиздин мокочосунан корккон жокмун, мен анын айткандары менен болуп,  ак пейилден кызматын өтөйм, балким мага боорооруп аяр мамиле жасаар. Мен эртелеп өлүп калгансып ыйлаба, атаке, мен тирүүмүн го, кудай буюрса сага кайрылып келем.


Азирети соодагер буркурап ыйлап, кызынын айткандарына сооронгон жок.

Берки улуу жана ортончу кыздары жүгүрүп келип, чуркурап ыйлашты: аларга да сүйүктүү кичүү синдисинен айрылуу аянычтуу болду; ал эми кичүү синдиси ыйлабай, капаланбай этпей, алыс жолго камынды. Алтын менен кооздолгон кумурадагы кызыл гүлдү өзү менен кошо алды.

Ошентип үч күн, үч түн өттү, азирети соодагер сүйүктүү кичүү кызы менен коштошуучу мезгил келди; кызын кучактап өөп, көзүнүн жашы көлдөп ыйлады, анан касиети колдоп жүрсүн деп өзүнүн ата-энеси тагынып жүргөн  крестти кызынын мойнуна такты. Анан өз манжасындагы токойдун жырткычы, деңиздин мокочосунун шакегин чечип, сүйүктүү кичүү кызынын оң колунун чыпалагына салды, ошол замат кыз жүк-мүгү, көр-жөрү менен көздөн кайым болду.

Кыз токойдун жырткычы, леңиздин мокочосунун ак сарайындагы таш тоонун үстүндөгү асемдүү үйгө туш келди, бөлмө ичинде буттары хрусталдан, алтын менен кооздолуп жасалган керебет, керебеттин үстүндө алтын жип менен кайылып, ак куунун жумушак сапсаң жүнү салынган төшөктөр бар экен, кыз өмүр бою ушерде жашап, азыр эле уйкусунан тургандай абалда бардыгы көзгө тааныш сезилди. Анан мурда угуп-билбеген бир сонун музыка чыкты.

256654



Кыз мамык төшөктөн туруп, жашыл малахит үстөлдүн үстүнөн ирет-түү жыйылып турган өзүнүн буюмдарын, алтын менен коозлолгон кумурадагы кызыл гүлүн көрдү, бөлмөнүн ичинде буюм-тайымдар, олтура турган мамык орундуктар, жатып эс алчу жайлары, кийе турган түрдүү кийимдер, көргөндөн көз тажабаган кооз нерселер көп экен. Бөлмөнүн бир дубалы күзгү, экинчиси алтындан, үчүнчүсү күмүш, төртүнчүсү пил менен мамонттун сөөктөрү, түркүн жакуттар менен коозлолуптур; кыз: «Бул менин бөлмөм болуу керек», – деп ойлоп койду.

Анан ал ак сарайды кыдырып көрүүнү ойлоду, бөлмөлөрдүн баары бийик экен, анан улам бирине таң калып, бир топ убакыт кыдырып жүрдү; атакеси азирети соодагер айткандай бир бөлмөдөн бири кооз көрүндү. Бир кезде кыз алтын менен коозлолгон кумурадагы сүйкүмдүү гүлүн алып, жайкалган жапжашыл бакты аралап басканда канаттуулар бейиштин күүсүн чалгандай кубулжута сайрашты, ал эми дарактар, гүлдөр кызга таазим этишкендей баштарын ийип, жүгүнүп тосуп алышты; фонтандар бийик атылып, булактар шылдырап акты, бир аздан кийин азирети соодагер атакеси дүйнөдө теңдеши жок кызыл гүлдү үзгөн дөңчөгө келди. Алтындалган кумурадан кызыл гүлдү алып чыгып, аны кайра мурдагы өз ордуна олтургузмак болду; гүл ошол замат кыздын колунан суурулуп, өз ордунда сайылып өсүп, мурдагыдан да көркөмү ашып, бажырайып ачылды.

Кыз мындай сырдуу, сыйкырлуу көрүнүшкө таң калып, кызыл гүлү кайра өз ордунда өсүп турганына кубанып, ак сарайдагы бөлмөлөрдүн бирине кирди, кирсе, үстөлгө дасторкон жайылып, дүйүм тамактар жайнайт. «Токойдун жырткычы, деңиздин мокочосу мага ачуусу келбей, кайра жакшы мамиледе болсо керек», – деп ойлоду аппак мрамор дубалынын бетинен ага карата жалындуу сөздөрдү окуганда:

¬ «Мен сага таксыр эмесмин, сенин кулуң болом. Сен менин төраймымсың, эмнени кааласаң, оюңа эмне келсе, мен бардыгын аткарамын».

Кыз аны окугандан кийин аппак мрамордун бетине жазылган жалындуу сөздөрдүн изи билинбей өчүп калды. Анан оюна атасына кат жазып, өзү жөнүндө кабар билдирүүнү чечти. Кыялындагыны ойлоп

бүтө электе алдына кагаз менен сыя, калем сап даяр болду. Анан ал олтуруп атакеси менен сүйүктүү эжелерине кат жазды:

«Мени ойлоп капа болуп ыйлабагыла, мен токой жырткычы, деңиздин мокочосунда каныша катары жашап жатам; мен аны көрө да, уга да элекмин, мага тийиштүү болсо ал аппак мрамор дубалга жалындуу сөздөр менен жазуу жиберет; эмне ойлосом ал бардыгын билип, оюмдагыны дароо аткарат, ал мага өзүн таксыр дедирбейт, мени каныша деп атайт».

Кыз жазып бүтөр менен сыртын желмдегиче катты жер жутуп салгандай заматта көздөн кайым болду. Анан музыка мурдагыдан да кубулжуп угулуп, алтын менен коoздолгон кызыл тарелкаларга салынган үстөгө таттуу тамактар, бал аралашкан суусундуктар жайнады. Буларды көрүп, кыз жакшы маанайда жадырап дасторконго карады, ал мурда жалгыздап тамак ичип көргөн эмес; бул жолу музыканын ыргактарына маашур болуп олтуруп тамактан ичип, суусундуктардан жутту. Тамактанып бүткөн соң эс алганы бир аз кыйшайды эле, кыздын уйкусун бузбоо үчүн музыка дароо акырындап калды.

Уйкусунан көңүлдүү ойгонуп, түшкө чейин укмуштай кооз бак ичинин жарымын да аралап жетишпегенден аны кайрадан кыдырып көргөнү жөнөдү. Бактар, бардык өсүмдүктөр, гүлдөр ага баш ийип, таазим этишти, эзиле бышкан өрүктөр, алмуруттар менен ширелүү алмалар өздөрү суранып оозго түшөт. Кечке чейин бакты аралап, кечкурун бийиктеги үйгө келсе, үстөлдө дасторкон жайылуу, түркүн таттуу тамактар, бал кошулган суусундуктар күтүп турган экен.

Тамактанган соң кыз аппак мраморго жалындуу сөздөр жазылган бөлмөгө кирсе, ошол аппак мрамор дубалдан дагы жалындуу сөздү окуду:

«Менин мырза айымым, өзүң аралап көргөн багыңа жана үйүңө, тамак-аш менен сага көрсөтүлгөн кызматка ыраазысыңбы?»

Жазууну окуп, сулуулугуна сөз жетпес, азирети соодагердин жаш кызы кубанычтуу үн менен сүйлөдү:

– Мени мырза айым деп атаба, сен менин ырайымдуу, жароокер, мээримдүү мырзам болгун. Мен дайым сенин эркиң менен болом. Се-

нин дасторконуңа терең ыраазымын. Сенин бийик үйлөрүңөн, кооз бакчаңдан да мыктыны бул жарык дүйнөдөн табууга болбос, анан мен кантип сага ыраазы болбой коём? Мен туулганы мындай сыйды көрө элекмин. Мен алигүчө көргөндүмө таң калам, анан бир гана нерседен чочуйм: сенин бийик үйлөрүңдө бир да кишинин жоктугу ойго салат.

Аппак дубалга жалындуу сөз пайда болду:

«Менин татынакай мырза айымым, андан чочулаба, сен жалгыз болбойсуң, сени ак пейил жана сүйкүмдүү кызматчы кыз күтүп атат; көп үйлөрдө адамдар жашайт, болгону сен аларды көрбөйсүң да, укпайсың, алардын бардыгы мени менен кошо сени күнү-түнү кайтарып турат: сага жел тийгизбейбиз, чаң жугузбайбыз».

Анан соодагердин жаш кызы эс алганы уктоочу үйүнө кирип барып керебетинин жанынан ишенимдүү, сүйкүмдүү кызматчы кыздын корккондон калтырап турганын көрдү; ал мырза айымын көрүп, кубангандан назик, аппак колун өпкүлөп, татынакай буттарын кучактады. Мырза айымы да аны көрүп кубанычта болду, анан атакеси, эжекелери жөнүндө сурап, өзүнүн кызматы жөнүндө айтты; андан соң өзүнүн башынан өткөн окуяларды айтып, таң аткыча сүйлөштү.

Ошентип соодагердин айтууга сөз жетпес сулуу кызы ошерде жашап калды. Күн сайын биринен бири жарашыктуу, баасына пул жетпес, көркөмүн айтууга, кагазга жазууга сөз жетпес жаңы кийимдерди кийет; жеген тамагын, көңүл ачкан салтанатын айтып бүткүс; сейилдеген мамык арабасына ат чегилбей өзү жүрөт, токойду аралап баратканда дарактар ийилип таазим этип, алды даңгыраган кенен жол болуп калат. Ал кыздарга таандык кол өнөрчүлүктү эрмектеп, алтын менен күмүш жиптен оромолго сайма түшүрүп, четтерин бермет шурулар менен коздоп жасады; атакесине белек жиберди; эң кооз оромол дасторконду өзүнүн мээримдүү кожоюнуна – токойдун жырткычы, деңиздин мокочосуна берди; анан дубалдары аппак мрамордон жасалган бөлмөгө күндө барып, кожоюнуна жакшы каалоолорун айтып, анын жооптору дубалга жазылган жалындуу сөздөрдөн окуйт.

Андан көп убакыт өттүбү, аз өттүбү, жомокто тез айтылганы менен турмушта иш бат эле бүтө калбайт – соодагердин жанда жок жаш,

сулуу кызы ошентип жаңы турмушка көнүгө баштады, эми ал эч нерседен коркпой, эч нерсеге таң калбай калды; көзгө көрүнбөгөн кызматчылары каалаганын алып келип, жыйнап, ат чегилбеген мамык арабада сейилдетишет, музыка ойношот, айтор каалаганынын бардыгын аткарышат. Анан кыз күн өткөн сайын али көрө элек кожоюндун жасаган мамилесинен улам аны жакын сезе баштады, ал кызды мырза айым деп атап, өз жанынан артык көрөрүн түшүндү, аппак мрамордон дубалы бар үйгө барбастан, ал жерден анын жалындуу жазуусун окубастан, аны менен жолугуп, бет маңдай сүйлөшкүсү келди.

Кыз аны менен жолугушуп сүйлөшүүнү канчалык суранса да токойдун жырткычы, деңиздин мокочосу кебете-кешпири, колдураган үнү менен кызды чочутуп аламбы деп макул болбойт; мээримдүү, кайрымдуу кожоюндан аябай суранып, жалынганда ал акыры каршы боло албай акыркы жолу аппак мраморго жалындуу сөзүн жазды:

«Бүгүн жашыл бакка келип, жалбырактар, бутактар, түркүн гүлдөр менен оролгон өзүңдүн сүйүктүү жайыңа келип олтуруп: «Менин ишенимдүү малайым, мени менен сүйлөш» деп айткын».

Аз убакыт өтпөй, соодагердин сулуулугуна сөз жетпес жаш кызы жашыл бакка жүгүрүп барып, жалбырактар, бутактар, түркүн гүлдөр менен оролуп, парча жабылган мамык тактага олтурду да колго түшкөн чымчыктай жүрөгү түрс-түрс согуп, өпкөсү көөп, толкунданып, буларды айтты:

– Менин мээримдүү, ырайымдуу мырзам, корулдаган үнүң менен мени чочутуп алам деп коркпо: сенин мага жасаган жакшылыктарыңан кийин мен жырткычтын да күрүлдөгүнөн коркпойм, эч кабатыр болбой сүйлөшө бер.

Анан кыз арт жагынан катуу үшкүрүнгөн үндү укту, ага удаа күрүлдөгөн, карылдаган, киркиреген, корулдаган үн чыкты, бул анын шыбыраган үнү болучу. Соодагердин сулуу кызы адегенде токойдун жырткычынын, деңиздин мокочосунун үнүнөн чочуп кетти да, анысын сыртынан билдирбей, кайра тымпыйып калды, бир аздан соң үнү жумушак, мээримдүү чыгып, айткандары акыл болуп, кыз кунт коюп угуп, көкүрөгү кубанычка толду.



Ошондон баштап алардын маеги күн сайын жашыл бактагы, караңгы токойдогу сейилдерде, бийик салынган үйлөрдүн бардыгында улана берди. Азирети соодагердин сулуулугу жанда жок жаш кызы кызы мынтип сурайт:

– Сен келдиңби менен сүйүктүү, мээримдүү мырзам?

Ошол замат токойдун жырткычы, деңиздин мокочосу жооп берет:

– Ооба, сенин ишенимдүү кулуң, алмашпас досуң буерде, менин татынакай мырза айымым.

Эми кыз анын корулдаган жапайы үнүнөн чочулабай калды, анан алардын бири бирине болгон мээримдүү маеги бүтпөйт, учу билинбейт, түгөнөр түрү жок.

Ошондон көп өттүбү, аз өттүбү, жомокто тез айтылганы менен турмушта иш бат эле бүтө калбайт, соодагердин жаш, сулуулугуна жан теңелгис кызы токойдун жырткычы, деңиздин мокочосу менен көзмөкөз жолугушууга жалынып суранды. Ал кызды чочутуп алам деп көпкө макулдугун берген жок, андан калса кебетеси аябай коркунучтуу болучу, аны сүрөттөп жазып да, айтып да болбос, кокус алдынан чыгып калса адамдар тургай айбандар да коркконунан ийиндерине кире кача тургандай. Анан токойдун жырткычы, деңиздин мокочосу кызга жооп берди:

– Менин татынакай, жанда жок сулуу мырза айымым, мен сага өзүмдүн түрү суук кебетемди көрсөткүм келбейт, андыктан жалынып суранбагын. Болжолумда үнүмө көнүп калдың, экөөбүз бири бирибизге түшүнүп, достукта жашап келебиз, мындан ары да бөлүнүп кетпейбиз деп ишене бергин, менин сага болгон терең сүйүүмдөн сен да мени жакшы көрөсүң, эгерде сен менин коркунучтуу, түрү суук кебетемди көрсөң мен байкуштан дароо көңүлүн калып, көзүмө көрүнбө деп кууп жибересиң, ал эми мен сенден ажырасам кусалыктан тез эле өлүп калам.

Соодагердин жанда жок жаш кызы анын айткандарын кулагынын сыртынан кетирди, анан мурдагысынан да ого бетер күчөп, эч кандай мокочодон коркпосун, мээримдүү мырзасын эч качан жаман көрбөсүн билдирип, буларды какшады:



– Эгеде сен карыган адам болсоң анда чоң атам болгун, орто жаш-

та болсоң агам бол, жаш болсоң бир тууганым бол, менин көзүм тирүүсүндө экөөбүздүн достугубуз ажырабайт.

Токойдун жырткычы, деңиздин мокочосу кыздын бул айткандарына көпкө макул болгон жок, анан өзү жакшы көргөн сулуу кыздын көз жашы менен жалынычына чыдай албай буларды айтты:

– Мен сени өзүмдөн да жакшы көргөндүктөн, суранычыңа каршы боло албай калдым, макул, өзүмдүн бактымды жокко чыгарып, дүйнөдөн мезгилсиз өлүп каларымды билип турсам да айтканыңды аткарайын. Күн батып, күүгүм киргенде жашыл бакка келип: «Ишенимдүү досум, мага көрүнчү!» десең мен жаныңа келип, сага түрү суук кебетемди көрсөтөм. Менин кебетемди көргөндөн кийин эгерде сен бул жерде калгың келбесе, мен сени убалыңа калып кармабайм: өзүң жаткан үйдөгү жаздыгыңдын алдында менин алтын шакегим бар. Аны оң колуңдун чыпалагына кийсең атаңдын үйүнө жетип, андан соң мен жөнүндө эч кабар укпайсың.

Соодагердин жаш, сулуу кызы чочубайм, коркпойм деп ишендирди. Анан убактысын коротпой жашыл бакка жөнөдү да күндүн батышын күтүп калды. Күн токойдун артына жашынып, күүгүм киргенде кыз:

– Ишенимдүү досум, мага көрүнчү! – деди, ошол замат алыстан токойдун жырткычы, деңиздин мокочосу көрүндү: жолду кесип өтүп келатып бадалдын далдоосунан кайра көрүнбөй калды, соодагердин жаш кызынын көзү жумулуп, аппак колун булгалап, бир чаңырып алып, эси ооп жолго жатып калды. Токойдун жырткычы, деңиздин мокочосу чынында эле коркунучтуу экен: колдору ийри, манжаларында жырткычтардыкындай тырмактары бар, буттары жылкыныкындай, төшү менен жону төө өркөчтүү, бүткөн боюн түк басыптыр, уурутунан камандыкындай эки тиши арсаят, мурду бүркүттүн тумшугундай ийри, көздөрү үкүнүкүндөй чакчыят.

Көп жаттыбы, аз жаттыбы, соодагердин жанда жок сулуу жаш кызы бир кезде эсине келип, жанынан кимдир бирөө көз жашын төгүп, буркурап ыйлаган аянычтуу үнүн угат:

– Менин сүйүктүү сулуум, менин күнүм бүттү, сенин айдай жүзүң-



дү экинчи көрбөй калдым, сен менин сөзүмдү уккуң да келбеди, эми менин мезгилсиз ажалым жетти.

Кызга ал аябай аянычтуу сезилип, өзүн кармап, эрдин тиштеп, коркконун билгизбей, ишеничтүү үн катты:

– Менин мээримдүү, ырайымдуу мырзам, чочулабагын, эми мен сенин түрү суук кебетеңен коркпойм, мен сенден ажырабайм, сенин жакшылыктарыңды унупаймын; азыр сен кайра бир көрүнчү, эмеле мен байкабай чочуп кетипмин.

Анан токойдун жырткычы, деңиздин мокочосу түрү суук кебетеси менен көрүндү, бирок кыз чакырбагандыктан ага өтө жакын келбеди; экөө түндүн бир оокумуна чейин сейилдеп жүрүп, мурдагыдай эле мээримдүү жана акылдуу сөздөрдү сүйлөштү, соодагердин жанда жок сулуу, жаш кызы коркунуч сезбеди. Эртеси кыз токойдун жырткычы, деңиздин мокочосун күндүзгү жарыкта көрдү, адегенде корко түштү эле, анан анысын билгизген жок, бара-бара тынчып, коркпой калды.

Ошону менен алар мурдагыдан көп жолугушчу болду; күн сайын бири биринин жанынан чыкпайт, тамакты бирге ичип, бирге даам сызып, бал кошулган суусундуктан ичип, жашыл бакта жайкала басышып, калың токойдо ат минбей сейил курушту.

Арадан бир топ мезгил өттү, жомокто тез эле айтылганы менен турмушта бат бүтө калбайт. Бир жолу соодагердин жанда жок сулуу кызы түш көрөт, түшүндө атакеси ооруп, жатып калыптыр; ошондон баштап кызды сары сагыныч басат, маанайы бузулуп, көзүнөн жаш чыгып, мүнөзү өзгөрө баштаганын сезип, токойдун жырткычы, деңиздин мокочосу эмне үчүн кабагың бүркөө дейт. Кыз көргөн түшүн, атакеси менен сүйүктүү эжелерин сагынганын айтып, барып көрүп келүүгө уруксат сурайт.

Аны угуп, токойдун жырткычы, деңиздин мокочосу айтат:

– Менден эмне үчүн уруксат сурайсың? Менин алтын шакегим сенин жаздыгыңын алдында, аны оң колуңун чыпалагына кийсең атакеңдин үйүнө барып каласың. Барып, сагынычыңды жаскын, сага бир нерсени эскертип коёюн, туптуура үч күн, үч түндө келбесең, анда мен

бул жарык дүйнө менен кош айтышам, себеби, мен сени өзүмдөн да жакшы көргөндүгүмөн сен жок кусадан өлүп калам.

Кыз үч күн, үч түнгө бир саат калганда ушул бийик үйлөргө жетип келем деп убадасын берди.

Кыз мээримдүү, ырайымдуу кожоюну менен коштошуп, шакекти оң колунун чыпалагына кийер замат азирети соодагер атакесинин үйүнүн кенен короосуна жетип келди. Анан таштан тургузулган үйүнө бет алды; кызды көрүп, кызматчылары менен нөкөрлөрү келип, кубангандан кыйкырып жиберишкенде сүйүктүү эжелери да жүгүрүп келип, синдисинин сулуулугун, үстүндөгү падыша менен королдордун кийимдерин көрүп, аң-таң калышты, анан анын аппак колунан кармап, атакесине ээрчитип барышты, атакеси кеселдеп жатып калган экен, кызын сагынгандан күнү-түнү ойлоп, кыздарына көрсөтпөй көзүнөн ысык жашын төгүп ыйлап жүргөн. Атакеси кызынын аман-эсен келгенине кубанып, сүйүктүү, сулуу, жанбирге кичүү кызынын сулуулугун, үстүндө кийген падыша менен королдордун кийимдерин көрүп таң калды.

Алар сагынычтарын тарата көпкө өбүшүп, бири бирине жагымдуу жакшы сөздөрүн тартуулашты. Кыз атакеси менен сүйүктүү эжелерине тигил жактагы токойдун жырткычы, деңиздин мокочосундагы жашоо-турмушу туурасында болгонун болгондой, тырмактай жалган сөз кошпостон узун кеп айтып берди. Азирети соодагер кызынын падыша менен королдордун турмушундай турмушун укканда кубанды, бирок токойдун жырткычы, деңиздин мокочосунан коркпой кантип жашап жүргөнүнө таң калды; өзү анын кебетесин эстегенде денеси калтырап кетчү.Кичүү синдисинин айткандарын угуп, падышаныкындай турмушуна, мырзасына карата болгон бийлигине эжелеринин ичтери күйө түштү.

Бир күн бир сааттай өтүп кетти, экинчи күн бир мүнөттөй өттү, үчүнчү күн болгондо эжелери аны токойдун жырткычы, деңиздин мокочосуна барбай эле койгун деп айындыра баштаишты. «Өлмөктөн доңуз кооп кетсин» дешти. Эжелерине таарына түшкөн кичүүсү мынтип айтты:

– Эгерде мен мээримдүү, кайрымдуу мырзамдын мага болгон сүйүүсүн, бардык жакшылыктарын анын ажалына алмаштырсам, анда мен бул жарык дүйнөдө тирүү жүргөнүм бекер, андан көрө жапайы жырткычтарга жем болуп кеткеним артык.

Адилеттүү соодагер атакеси кызынын бул айткан акыйкат сөзүн угуп, үч күн, үч түн мөөнөтүнө бир саат убакыт калганда татынакай, сулуу, сүйкүмдүү кичүү кызы токойдун жырткычына, деңиздин мокочосуна баруусун туура көрдү. Эжелеринин сиңдисинин жашоо-турмушуна ичтери күйүп, ыплас ой менен сааттын жебелерин бир саатка артка жылдырып коюшту, аны азирети соодагер өзү, ишенимдүү кызматчылары жана жөкөрлөрү да сезген эмес.

Чын мезгил келгенде соодагердин жанда жок сулуу кызынын жүрөгү кысылып, бир нерседен кемип тургандай абалда болуп, атакесинин немистинби, англистинби, саатына карабай жолго чыкмай болду. Эжелери болсо атайылап убакытты созуп, тигини-муну сурап, алаксыта беришти. Бирок кыздын жүрөгү сыздап чыккандыктан сүйүктүү, жанда жок супсулуу кичүү кызы атакеси менен коштошуп, атасынын батасын алды, сүйүктүү эжелери менен коштошту, ишенимдүү кызматчылар, атасынын нөкөрлөрү менен кош айтышты да эсептелген мөөнөткө бир мүнөт калганда алтын шакекти оң колунун чыпалагына кийип, көз ачып-жумгуча токойдун жырткычы, деңиздин мокочосунун ак сарайындагы бийик үйлөрүнө жетип келди; анын алдынан эч кимдин тосуп чыкпаганына таң калып, кыз катуу кыйкырып айтты:

– Менин ишенимдүү досум, мээримдүү мырзам, кайдасың? Эмне үчүн мени тоскон жоксуң? Мен айтылган мөөнөттөн бир саат, бир мүнөт эрте келдим.

Анын айткандарына эч кандай жооп болгон жок, айлана-тегерек жымжырт; жашыл бактан канаттуулар бейиштин күүсүн чалышпады, фонтандар атылбай, булактар шылдырап акпады, бийик үйлөрдө музыканын үнү чыкпады. Азирети соодагердин жанда жок сулуу кызынын жүрөгү болк этип, бир жамандык нерсени сезгендей болду; ал бийик үйлөр менен жашыл бактын ичин кыдырып чыкты, үнүн катуу чыгарып, мээримдүү, кайрымдуу мырзасын чакырды, бирок жооп бермек



турсун шырп эткен дабыш чыкпады. Анан кыз сүйүктүү кызыл гүлү өсүп турган дөңгө чуркап барса, токойдун жырткычы, деңиздин мокочосу кызыл гүлдү жүн баскан, ийри-муйру колдору менен кучактап ошерде жатыптыр. Кызды күтүп, катуу уктап калган экен деп ойлоду. Соодагердин жанда жок сулуу кызы акырын барып ойготмок болду эле, ал уккан жок, анан жүн баскан колунан кармап силкилдетти, дагы эле кыймыл жок, ойгонбоду, токойдун жырткычы, деңиздин мокочосу дем албай, өлүктөй сулк жатты...

– Менин жан досум, ойгончу, мен сени сүйөм, өзүм жактырган күйөөм катары сүйөм! – деп кыйкырып жиберди.

Бул сөздөр оозунан чыгары менен туш-тараптан чагылган чагылып, асмандын күркүрөгүнөн жер силкинди, чагылгандын оту дөңсөөгө түшүп, соодагердин жанда жок сулуу кызы эстен танып, жыгылып калды.


Ал жерде көп жаттыбы, аз жаттыбы, аны айта албайм, эсине келип, көзүн ачса, ак мрамордон салынган үйдүн ичинде асыл таштар менен кооздолгон алтын тактыда жаш, жанда жок сулуу, башына падышанын таажысын кийген, алтын менен кооздолгон кийимчен ханзаданын кучагында олтуруптур; алдында өз атасы, эжелери, тегерегинде алтын менен күмүш жиптен токулган парчадан кийим кийишкен нөкөрлөрү турат. Башына падышанын таажысын кийген жаш, жанда жок сулуу ханзада кызга айтты:

– Ардактуу сулуум, сага болгон мамилемден, ак сүйүүмдөн улам түрү суук кебетеме карабай мени чындап сүйүп калдың; эми адам түспөлүмдөгү абалымды да сүйүп, көптөн күткөн келинчегим болууңду өтүнүп, колуңду сурайм. Кесепети мол, каардуу сыйкырчы жезкемпир даңкы таш жарган баатыр падыша маркум атама өчөшүп, мен кичинекей кезимде уурдап кетип, өзүнүн шайтандуу сыйкыры менен мени адамдардан бөлөкчө түрү суук, кебетесин көргөндөр коркуп качкандай маклукка айландырып салган. Эгерде менин ошол түрүмдү адамзаттын жанда жок сулуу кызы чындап берилип сүйүп калганда гана жезкемпирдин сыйкыры жанып, мен кайрадан мурдагы адам кейпине кайтып келмек болчум. Мен ошондой мокочо кебетем-

де туура отуз жыл жашадым, ак сарайыма сага чейин он бир сулуу кыз келип, мени адам калыбына айландырууга алардын эрки жеткен эмес, сен он экинчиси болчусуң. Он бир кыздын бири да менин баркыма жетпей койгон.

Түрү суук мокочонун мээримин, кайрымдуулугун, сага болгон ченемсиз сүйүүсүн баалап, сен гана мага сүйүүңдү арнадың, эми сен даңктуу королдун сүйүктүү келинчеги болуп, эбегейсиз чоң падышачылыктын канышасы деген татыктуу наамдын ээсисиң.

Буга аердегилердин бардыгы айран таң калып, нөкөр-жөкөрлөрү кол куушуруп, баштарын ийип, канышага таазим этишти. Улуу-кичүүлөр куттук айтып, узак өмүр, бакубат жашоо каалышып, баталарын беришти. Ошол салтанат тойго мен да катышкам, бал кошулган сырадан ичкем, бирок ага мурутум малынып, оозума жетпей калган.



135с

**УДК 82/821-93**
**ББК 84 Р**
**А 41**

**Аксаков С. Т.**

А 41 **Кызгылтым гүл:** Балдар үчүн./Котор. Ж. Жапиев; Сүрөт.: Т. Зеленская – Б.: Кутаалам, 2017. – 32 б., сүрөт.

ISBN 978-9967-28-121-9



Сергей Тимофеевич Аксаков

**КЫЗГЫЛТЫМ ГҮЛ**

Балдар үчүн

Басманын директору *Б. Джапарова*
Сүрөтчүсү *Т. Зеленская*
Адабиятташтырган жана которгон *Ж. Жапиев*
Көркөм редактору *Ю. Ким*
Компьютердик калыптоочу *А. Арыкбаева*
Техникалык редактору *Ю. Ким*

Басууга 03.02.2017. кол коюлду.
Кагаздын форматы 60х84 1/8 Түстүү ыкма. Көлөмү 2.0 накта басма табак.
Нускасы 1000 даана.

«Кутаалам» басмасында даярдалды. Бишкек ш., Горький көчөсү, 1
www.kutaalam.kg, e-mail.: kutaalam2012@gmail.com
Тел.: + 996 (312) 534 863, 530 974

**А 4803010000–16**

**УДК 82/821-93**
**ББК 84 Р**

ISBN 978-9967-28-121-9

© «Кутаалам», 2017